# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ
## жана
## М. М. АДЫШЕВ атындагы
## ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
## ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА КЫЗМАТТАШТЫК
## КЕЛИШИМИ

### МАКСАТ
### 1-БЕРЕНЕ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети жана М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети бул Келишимдин алкагында эки университеттин ортосундагы өз ара кызматташуу жана тыгыз байланышты өркүндөтүү максатында таалим-тарбия жана билим берүү тармагында төмөндөгү чечимдерди кабыл алышты.

### ТАРАПТАР
### 2-БЕРЕНЕ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети жана М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети бул келишимдин Тараптары болуп саналат.

### МАЗМУНУ
### 3-БЕРЕНЕ

Тараптар эки университеттин окутуучуларын, изденүүчүлөрүн, изилдөөчүлөрүн, студенттерин, магистранттарын жана аспиранттарын алмашуу боюнча иш жүргүзүшөт.

### 4-БЕРЕНЕ

Тараптар илимий байланыштарды чыңдоо максатында орток изилдөө проблемаларын аныктоо менен бул проблемаларга багытталган долбоорлорду даярдап, ишке ашырышат.

### 5-БЕРЕНЕ

Тараптар өткөрө турган илимий жана маданий иш-чаралар (илимий-практикалык конференция, симпозиум, тегерек стол, семинар, студенттик олимпиадалар ж.б.у.с.) жөнүндө маалымат алмашып турушат жана бул өңдүү иш-чараларды биргелешип уюштурушат.

### 6-БЕРЕНЕ

Тараптар эл аралык байланыштар жана кызматташуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө бири-бирине маалымдашат жана бул мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланууда бири-бирине көмөк көрсөтүшөт.

### 7-БЕРЕНЕ

Тараптар илимий монография, аналитикалык билдирүүлөр, периодикалык жана башка түрдүү басылмалар, электрондук булактар менен алмашып турушат.

### 8-БЕРЕНЕ

Бул келишимдин алкагындагы программаны ишке ашыруу этаптарында Тараптар ар бир программа үчүн өзүнчө келишимдерди түзүшөт. Бул келишимдеги иш чаралар боюнча атайын программалар түзүлүп, аны ишке ашыруу максатында керектүү документтердин болушу зарыл.

**9-БЕРЕНЕ**

Келишимдин алкагындагы иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөгөн ар бир Тараптан жооптуу жетекчилер бекитилип, илимий-экономикалык талаптарга туура келиши зарыл. Долбоорго катышкан илимпоздордун илимий укугу чектелбестен, орток изилдөөлөрдүн жыйынтыгы эки тараптан тең биргелешип, адилеттүү жүргүзүлүшү керек.

**10-БЕРЕНЕ**

Бул Келишим кыргыз жана түрк тилдеринде 2 (эки) нускада даярдалып, эки мекеменин жетекчилери тарабынан кол коюлган күндөн баштап өз күчүнө кирет. Тараптар бири-бирине 6 (алты) ай мурун жазуу жүзүндө билдирүү менен бул келишимди жокко чыгара алышат.

Келишимдин алкагында башталган иш-чараларга жооптуулар келишим күчүн жоготкон учурда деле иш-чара аягына чыкканга чейин жоопкерчиликти өз мойнуна алышат.

**ИШКЕ АШЫРУУ**

**11-БЕРЕНЕ**

Бул келишимдин аткарылышына Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректорлугу жана М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин ректору жооптуу болуп саналат.

| КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ | М. М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ |
|---|---|
| Адрес: 720038<br>Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,<br>Ч.Айтматов көчөсү (Джал).<br>тел./факс: +996 (312) 541941-47<br>e-mail: info@manas.cdu.kg<br>Сайт:https:// www. manas.edu.kg<br><br>Дата: 17.04. 2025. | Адрес: 723500<br>Кыргыз Республикасы, Ош шаары,<br>Исанов көчөсү 81<br>Телефон: (+996 3222) 4 3883<br>e-mail: oshtu.adyshev@mail.ru<br>Сайт: https://oshtu.kg/kg<br><br>Дата: |

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин атынан**

**Ибраев А.О.**
Биринчи проректор

**Алпаслан Жейлан**
Ректор

**М. М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин атынан**

**Турсунбаев Ж.Ж.**
Ректор